КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ
БЕШКЕНТ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН
БЕШКЕНТСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

Бешкент айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 13-сессиясынын

№76 ТОКТОМУ

Бешкент айылы 28-сентябрь 2023-жыл.

**“Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023 –жылдын 29-августундагы ПЖ № 215 Жарлыгы менен бекитилген “Элдик курултайды чакыруу жөнүндө” жоболору менен таанышуу жана жумушчу топтун курамын түзүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы ПЖ № 215 жарлыгына ылайык жергиликтүү жамааттардын өкүлчулүктүү жыйындарын өткүрүү жөнүндө сунушту жана сессияда чыгып сүйлөгөн депутаттардын сунуш-пикирлерин угуп жана талкуулап ,Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү башкаруу органдары жөнүндө “Мыйзамынын 34- беренесине ылайык Бешкент айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жергиликтүү жамааттардын өкүлчүлүктүү жыйындарын өткөрүү графиги (Өкүлчүлүктүү жыйындын убактысы жана өтүүчү жери, өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн саны ,өкүлчүлүктүү жыйындардын өткөрүү боюнча жергиликтүү жамааттарды тиешелүү аймактык бөлүктөргө бөлүү ченемдери ,жыйындарды өткөрүү графиги жана өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүүгө жооптуу айылдык Кеңештин депутаттарынын тизмеси) тиркемеде көрсөтүлгөн таблицага ылайык бекитилсин.(тиркеме№1).

2. Өкүлчүлүкттүү жыйындын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.(тиркеме №2).

3.Өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүүнү уюштуруу, материалдык техникалык камсыздоо жана маалымдоо иштерин жүргүзүү жагы Бешкент айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучу К.Алимбековго жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бешкент айылдык кеңешинин мамлекеттик мыйзамдуулук,коомдук тартип жана жарандардын укугун сактоо боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага: О.Т.Баховотдинов